**<u>Долбоор</u>**

**Кыргыз Республикасынын Президентинин**

# ЖАРЛЫГЫ

## Кыргыз Республикасынын жарандык маселелерин кароонун тартиби жөнүндө Жобону жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу жарандык маселелери боюнча Комиссия жөнүндө Жобону бекитүү тууралу

"Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын жарандык маселелерин кароонун тартибин өркүндөтүү максатында **токтом кылам**:

1. Кыргыз Республикасынын жарандык маселелерин кароонун тартиби жөнүндө тиркелген Жобо (№1 тиркеме) бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу жарандык маселелери боюнча Комиссия жөнүндө тиркелген Жобо (№2 тиркеме) бекитилсин.

3. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2007-жылдын 25-октябрындагы №473 "Кыргыз Республикасынын жарандык маселелерин кароонун тартиби жөнүндөгү Жобону, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу жарандык маселелери боюнча Комиссия жөнүндө Жобону бекитүү тууралу" Жарлыгы күчүн жоготту деп табылсын.

4. Бул Жарлык кол коюлган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А. Атамбаев**

**№1 тиркеме**

Кыргыз Республикасынын
Президентинин 2013-жылдын “____”
___________ №____ Жарлыгы менен
бекитилген

**Кыргыз Республикасынын жарандык маселелерин кароонун тартиби жөнүндө**
**ЖОБО**

Бул Жобо “Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (мындан ары – Мыйзам) ылайык Кыргыз Республикасынын жарандык маселелери боюнча арыздарды тариздөөнүн жана берүүнүн, Кыргыз Республикасынын жарандыгын алуу жана токтотуу маселелерин кароонун, аталган маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуунун, аткаруунун жана даттануунун тартибин аныктайт, ошондой эле зарыл документтердин формаларын белгилейт.

## 1. Кыргыз Республикасынын жарандык маселелери боюнча арыздарды берүүнүн тартиби

1. Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу, жарандыкты калыбына келтирүү жана андан чыгуу жөнүндө арыз, арыз ээсинин жазуу жүзүндөгү кайрылуусу боюнча каралат жана Кыргыз Республикасынын Президентинин атына жазылат жана:

- Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашаган учурда – арыз ээсинин жашаган жери боюнча калкты каттоо жагындагы Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу органынын аймактык органына;

- Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкаркы жерлерде туруктуу жашаган учурда – Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнө же консулдук мекемелерине берилет.

2. Арыз ээси арызын өзү тапшырууга жана жазылган күнүн көрсөтүү менен ага арыз ээси кол коюуга тийиш.

Эгерде арыз берүүчү өзүнүн дене боюнун кемчилдигинен улам өтүнүчкө кол коё албаса, анын өтүнүчү боюнча өтүнүчкө башка адам кол коёт жана нотариалдык жактан күбөлөндүрүлөт. Кыргыз Республикасынан аймагынан тышкаркы жерлерде арыз ээсинин колтамгасы Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүгүнүн же консулдук мекемесинин кызмат адамы тарабынан күбөлөндүрүлөт.

3. Эгерде арыз берүүчү өзгөчө мүнөздөгү жана документтер менен ырасталган шарттарга байланыштуу арызды өзү бере албаса, арызы менен

тийиштүү документтерин карооо үчүн башка адамдар аркылуу же почта аркылуу берүүгө да болот. Мындай учурда арызга кол койгон адамдын койгон колунун, арызга тиркелген документтеринин көчүрмөлөрүнүн аныктыгы, анын түп-нускасы нотариалдык жазылмалар менен тастыкталат.

4. Балдардын же иш-аракетке жөндөмсүз адамдын жарандуулукту өзгөртүү тууралу арызы алардын ата-энелери же бала же иш-аракетке жөндөмсүз адам жашаган жер боюнча мыйзамдуу өкүлдөр аркылуу берилет.

5. Жашы 14төн 18ке чейинки балдар Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу, жарандыгын калыбына келтирүү же жарандыгынан чыгуу жөнүндө арыздарын берген учурда алардын нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн макулдугу зарыл, Кыргыз Республикасынан тышкаркы жерлерде алардын жазуу түрүндөгү макулдугу Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүктөрү же консулдук мекемелери тарабынан күбөлөндүрүлөт.

6. Жашы жете элек балдардын Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыгып кетүү жөнүндө арызы берилген учурда, эгерде анын ата-энесинин бирөөсү Кыргыз Республикасынын жараны бойдон калган учурда, жашы жете элек баланын Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыгып кетүүгө анын жазуу түрүндөгү макулдугу керек. Мындай сунуштама нотариалдык түрдө күбөлөндүрүлүүгө, ал эми республиканын тышкаркы жерлеринде - Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүктөрү же консулдук мекемелери тарабынан күбөлөндүрүлүүгө тийиш.

7. Арыз Кыргыз Республикасынын жарандыгын алуунун же токтотуунун тийиштүү негиздери менен форма боюнча жазылат. Бардык зарыл документтер эки нускада топтолот: арыздын бирине документтердин түп нускалары, башкасына – көчүрмөлөр тиркелет.

Арыз ээси берген анын ким экендигин ырастаган документтин (паспорт жана (же) жашап турууга уруксат) түп нускасы кайра кайтарылууга жатат. Арызга ал документтин көчүрмөсү тиркелет, анын түп нускага дал келиши кызмат адамы тарабынан текшерилет жана анын колтамгасы жана ыйгарым укуктуу органдын мөөрү менен ырасталат.

8. Документтер мамлекеттик же расмий тилдерде түзүлүүгө же ал тилдердин бирине котормосу болууга тийиш. Документтердин котормосунун тууралыгы нотариалдык түрдө же Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүгүнүн же консулдук мекемесинин кызматкери тарабынан ырасталууга тийиш.

9. Арыздын бланкы кол менен же техникалык каражаттарды (жазуучу машинка, компьютер) колдонуу менен толтурулат. Кол менен толтурулган арыздын тексти түшүнүктүү болууга тийиш. Арыздын бланкын толтурууда кыскартууларды жана аббревиатураларды пайдаланууга, ошондой эле ондоолорду киргизүүгө жол берилбейт. Арыздын бланкында камтылган суроолорго жооптор толук болууга тийиш.

10. Кыргыз Республикасынын аймагында Кыргыз Республикасынын жарандыгын кабыл алуу, жарандыгын калыбына келтирүү, жарандыгынан

чыгуу жөнүндө арыз берген учурда мамлекеттик алым, ал эми Кыргыз Республикасынан чет жерлерде - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте консулдук жыйымдар алынат.

Этностук кыргыздар, Кыргыз Республикасынын жараны менен никеге турган аял жынысындагы чет мамлекеттик жарандар жана жарандыгы жок адамдар Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алууда мамлекеттик алымдарды жана консулдук жыйымдарды төлөөдөн бошотулат.

## 2. Кыргыз Республикасынын жарандыгына жалпы тартипте кабыл алуу

11. Чет элдик жарандар жана 18 жашка чыккан жарандыгы жок адамдар жалпы тартипте Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу жөнүндө расмий өтүнүч менен төмөнкүдөй учурларда кайрылууга укуктуу:

- арыз берген учуруна чейин акыркы беш жылдын ичинде Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу, үзгүлтүксүз жашап турушса. Бир жылдын ичинде Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары үч айдан ашпаган мөөнөткө чыккан адамдын жашоо мөөнөтү үзгүлтүксүз деп эсептелет;
- пикир алышуу үчүн жетиштүү көлөмдө мамлекеттик же расмий тилде сүйлөй алса;
- Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын сактоого милдеттенсе;
- жашоо үчүн каражат булагы болсо.

12. Ушул Жобонун 11-пунктунун экинчи абзацында белгиленген Кыргыз Республикасынын аймагында чет элдик жарандар жана жарандыгы жок адамдардын жашоо мөөнөтү, эгерде төмөнкүдөй негиздердин бирөө гана болгон учурда, үч жылга чейин кыскартылат:

- илим, техника, маданият жаатында жогорку ийгиликтерге жетишсе, ошондой эле Кыргыз Республикасы кызыкдар болгон кесипке, болбосо адистикке жетишсе;
- Кыргыз Республикасынын экономикасынын артыкчылыктуу тармагына инвестиция чегерсе. Инвестиция чегерүүнүн тартиби жана өлчөмү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет;
- алар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык качкындар катары таанылса.

13. Чет өлкөнүн жарандары же жарандыгы жок адамдар өздөрү жашаган жердеги калкты каттоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын аймактык органдарына же дипломатиялык өкүлчүлүктөр менен консулдук мекемелерге төмөндөгүдөй документтерди беришет:

- эки нускадагы Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу жөнүндө арыз-анкета (1-тиркеме);
- арыз берген адамды тастыктаган документтердин (паспорт, чет

өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар үчүн жашап туруруга уруксат) түп нускасы жана ксерокөчүрмөсү;

- мамлекеттик салымдарды (консулдук жыйымдарды) төлөгөндүгү тууралу квитанция же аларды төлөөдөн бошотулгандыгы тууралу документ;

- жашап туруш үчүн мыйзамдуу каражаттардын булактарынын бар экендиги жөнүндө документ (жеке адамдын кирешеси жөнүндө справка, салык органдары тарабынан белги коюлган жеке адамдардын кирешесине салынган салыктар боюнча декларация, иштеген жеринен справка, пенсиялык ырастамасы, жөлөкпул алып жаткандыгы жөнүндө социалдык коргоо органдарынын маалымкаты, алимент алып жаткандыгынын аныктамасы, эсеп-кысап номерин көрсөтүү менен кредиттик мекемелердеги салымдары жөнүндө маалымкат; мураска укугу жөнүндө күбөлүк, арыз берүүчү багуусунда турган адамдын кирешеси жөнүндө маалымкат, же тыюу салынбаган мыйзамдуу иш-аракеттерден алынган кирешелерди ырастаган башка документтер);

- Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу, үзгүлтүксүз жашагандыгын ырастаган документ (катталгандыгы жөнүндө белгиси бар паспорт, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар үчүн жашап турууга берилген укук, катталгандыгы жөнүндө белги, айыл өкмөтүнөн же жашаган жеринен маалымкат);

- арыз берүүчүнүн мамлекеттик же расмий тилди билүүсүнүн деңгээлин ырастаган документ (кыргыз же орус тили боюнча мамлекеттик тестирлөөдөн өткөндүгү жөнүндө сертификат, билими жөнүндө чет мамлекеттин аймагында берилген жана тиркемесинде кыргыз же орус тили боюнча курсту окугандыгы жөнүндө жазуусунун котормосу нотариалдык түрдө ырасталган). Мындай маалымкат этностук кыргыздардан жана кыргыз же орус тилин окуткан окуу жайын бүткөндүгү тууралу документи бар адамдардан талап кылынбайт (документтин көчүрмөсү тиркелет);

- Кыргыз Республикасы менен чектеш мамлекеттердин (Казакстан Республикасы, Тажикстан Республикасы, Өзбекстан Республикасы жана Кытай Эл Республикасы) жарандары үчүн – мурдагы жарандыгынан баш тартуу жөнүндө жеке арызы;

- 4х6см өлчөмүндөгү ак фондогу түстүү эки фотосүрөт.

14. Эгерде арыз берүүчү жашы жетелек балдарын да Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу жөнүндө кошо суранса, анда төмөнкүлөр талап кылынат:

- нике жөнүндө (никенин бузулгандыгы жөнүндө), балдардын туулгандыгы жөнүндө, камкорчуну же көздөөчүнү белгилегендиги, ата-энелик укуктан ажыратылгандыгы тууралу күбөлүктөрдүн түп нускасы жана көчүрмөсү;

- жарандуулугун өзгөртүүгө 14-18 жаштагы балдардын нотариалдык түрдө күбөлөндүрүлгөн жазуу жүзүндөгү макулдугу;

- балдардын жарандыгын өзгөртүү маселеси боюнча башка ата-энесинин нотариалдык түрдө күбөлөндүрүлгөн жазуу жүзүндөгү макулдугу.

15. Ушул Жобонун 12-пунктуна ылайык документтерди берүүдө ушул Жобонун 13-пунктунда көрсөтүлгөн документтерге кошумча төмөнкү документтердин биринин көчүрмөсү берилет, эгерде арыз берүүчүдө:

- илим, техника, маданият жаатында жогорку ийгиликтерге жетишсе, ошондой эле Кыргыз Республикасы кызыкдар болгон кесипке, болбосо адистикке жетишсе - арыз берүүчүнү Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу жөнүндө кызыкчылыгы бар мамлекеттик органдын сунуштамасы;

- Кыргыз Республикасынын экономикасынын артыкчылыктуу тармактарына инвестиция салса – Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары берген инвестиция салууну ырастаган документ;

- Кыргыз Республикасында качкындар болуп саналса – качкындын күбөлүгү. Инсандын ким экендигин ырастаган документтер берилбейт, аталган документтер жок болсо, жашоо үчүн каражат булактарынын бар экендигин ырастаган документтер да берилбейт.

## 3. Жөнөкөйлөтүлгөн тартипте Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу

16. 18 жашка чыккан чет элдик жарандар жана жарандыгы жок адамдар жөнөкөйлөштүрүлгөн тартипте Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу жөнүндө расмий өтүнүч менен кайрылууга укуктуу. Ушул Жобонун 11-пунктунун экинчи абзацында белгиленгендей, эгерде мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген мамлекеттер аралык макулдашууларда башкача каралбаса, алардын Кыргыз Республикасынын аймагында жашоо мөөнөтү төмөнкүдөй учурларда бир жылга чейин кыскартылат, эгерде:

- ата-энесинин бирөө Кыргыз Республикасынын жарандыгын алган жана Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган болсо;

- Кыргыз ССРинде төрөлсө жана мурдагы СССРдин жараны болсо;

- Кыргыз Республикасынын жарандыгы калыбына келтирилип жатса.

17. Чет мамлекеттин жарандыгы бар же жарандыгы жок, этностук кыргыз болуп саналган адамдар, Кыргыз Республикасынын мурдагы жарандары Кыргыз Республикасына туруктуу жашоо үчүн кайтып келгенде, ошондой эле Кыргыз Республикасынын жараны менен никеге турган, Кыргыз Республикасына туруктуу жашоо үчүн келген аял жынысындагы чет мамлекеттин жарандары жана жарандыгы жок адамдар, Кыргыз Республикасынын аймагында жашап туруунун мөөнөтү жөнүндө шарттар коюлбастан жана ушул Жобонун 11, 12 жана 16-пункттарында каралган шарттар сакталбастан мыйзамдарда белгиленген мөөнөттөрдө Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алынат. Аларды Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу алардын башка мамлекеттин жарандыгынан баш тартуусун көрсөтүү менен, башка мамлекеттин жарандыгынан алдын ала чыгуусуз эле Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу жөнүндө жазуу жүзүндөгү кайрылууларынын

негизинде жүзөгө ашырылат.

18. Кыргыз Республикасынын жарандыгына ушул Жобонун 11-пунктунда каралган шарттарды сактабастан жөнөкөйлөштүрүлгөн тартипте төмөндөгүлөр кабыл алынат:

- ата-энесинин бирөө Кыргыз Республикасынын жарандыгын алган бала - ошол ата-энесинин арызы жана башка ата-энесинин баланын Кыргыз Республикасынын жарандыгын алууга жазуу жүзүндөгү макулдугу боюнча. Эгерде бала Кыргыз Республикасынын аймагында жашап турса, андай макулдук талап кылынбайт;

- жалгыз ата-энеси Кыргыз Республикасынын жарандыгын алган бала - ошол ата-эненин арызы боюнча;

- камкордукка же көзөмөлдүккө алынган бала же ишке жарамсыз адам - Кыргыз Республикасынын жарандыгына ээ камкордукка же көзөмөлдүккө алган адамдын арызы боюнча.

19. Ушул Жобонун 13-пунктунда көрсөтүлгөн документтерге ушул Жобонун 16-пунктуна ылайык документтерди тапшырууда төмөнкү документтердин бири кошо берилет, эгерде арыз берүүчү:

- ата-энесинин бирөө Кыргыз Республикасынын жарандыгын алган жана Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган болсо – арыз берүүчүнүн туулгандыгы тууралу күбөлүгү, ата-энесинин катталган белгиси бар паспорту, жашаган жеринен маалымкат**;**

- Кыргыз Республикасында туулса жана мурдагы СССРдин жараны болсо - туулгандыгы тууралу күбөлүк жана СССРдин паспорту;

- Кыргыз Республикасынын жарандыгы калыбына келтирилип жатса – арыз берүүчүнүн Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыккандыгын ырастаган ыйгарым укуктуу органдын маалымкаты.

20. Чет мамлекеттин жарандыгы бар же жарандыгы жок, этностук кыргыз болуп саналган адамдар төмөнкүлөрдү беришет:

- Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу жөнүндө эки нускадагы арыз-анкетаны (1-тиркеме);

- арыз берген адамдын өздүгүн, анын кыргыз улутун же ата-энесинин биринин кыргыз улутун тастыктаган документтердин (паспорт, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар үчүн жашап турууга уруксат, туулгандыгы жөнүндө күбөлүк, “Кайрылман” күбөлүгү, ата-энесинин паспорту) түп нускасын жана ксерокөчүрмөлөрүн;

- Кыргыз Республикасы менен чектеш мамлекеттердин (Казакстан Республикасы, Тажикстан Республикасы, Өзбекстан Республикасы жана Кытай Эл Республикасы) жарандары үчүн – мурдагы жарандыгынан баш тартуу жөнүндө жеке арызын;

- 4х6см өлчөмүндө ак фондо түстүү эки фотосүрөттү.

21. Кыргыз Республикасынын жараны менен никеге турган, Кыргыз Республикасына туруктуу жашоо үчүн келген аял жынысындагы чет мамлекеттин жарандары жана жарандыгы жок адамдар төмөнкүлөрдү беришет:

- Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу жөнүндө эки нускадагы анкета-арызды (1-тиркеме);

- арыз берүүчүнүн ким экендигин ырастаган документтердин (паспорт, чет өлкөлүк жаран жана жарандыгы жок адам үчүн жашап турууга уруксат) түп нускасын жана ксерокөчүрмөсүн;

- Кыргыз Республикасынын жараны менен никеге тургандыгы жөнүндө күбөлүктү;

- Кыргыз Республикасы менен чектеш мамлекеттердин (Казакстан Республикасы, Тажикстан Республикасы, Өзбекстан Республикасы жана Кытай Эл Республикасы) жарандары үчүн – мурдагы жарандыгынан баш тартуу жөнүндө жеке арызын;

- 4х6см өлчөмүндө ак фондо түстүү эки фотосүрөттү.

22. Кыргыз Республикасынын мурдагы жарандары Кыргыз Республикасына туруктуу жашоо үчүн кайтып келгенде жана Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алууга өтүнүч кылганда төмөнкүлөрдү беришет:

- Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу жөнүндө эки нускадагы арыз-анкетаны (1-тиркеме);

- арыз берүүчүнүн ким экендигин ырастаган документтердин (паспорт, чет өлкөлүк жаран жана жарандыгы жок адам **үчүн** жашап турууга уруксат) түп нускасын жана ксерокөчүрмөсүн;

- арыз берүүчүнүн Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыккандыгын ырастаган ыйгарым укуктуу органдын маалымкатын;

- Кыргыз Республикасы менен чектеш мамлекеттердин (Казакстан Республикасы, Тажикстан Республикасы, Өзбекстан Республикасы жана Кытай Эл Республикасы) жарандары үчүн – мурдагы жарандыгынан баш тартуу жөнүндө жеке арызын;

- мамлекеттик алымды (консулдук жыйымды) төлөгөндүгү жөнүндө квитанцияны же аларды төлөөдөн бошотуу жөнүндө документти;

- 4х6см өлчөмүндө ак фондо түстүү эки фотосүрөттү.

## 4. Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыгуунун тартиби

23. Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган адамдын Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыгуусу ал адамдын өз эрки менен билдирген негизде Мыйзамда каралган учурлардан тышкары, жалпы тартипте жүзөгө ашырылат.

24. Чет мамлекеттин аймагында жашаган адамдын Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыгуусу ал адамдын өз эрки менен билдирген негизде Мыйзамда каралган учурлардан тышкары, жөнөкөйлөштүрүлгөн тартипте жүзөгө ашырылат.

25. Ата-энесинин бирөөсү Кыргыз Республикасынын жарандыгына ээ болгон, ал эми экинчиси чет өлкөнүн жараны болуп саналган же жалгыз

атасы же энеси чет элдин жараны болгон баланын Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыгуусу эки ата-эненин же болбосо жалгыз атанын же эненин арызы боюнча жөнөкөйлөштүрүлгөн тартипте жүзөгө ашырылат.

26. Жашы жетелек балдардын Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыгып кетүү жөнүндө арызы берилген учурда, эгерде анын ата-энесинин бирөөсү Кыргыз Республикасынын жараны бойдон калган учурда, жашы жетелек баланын Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыгып кетүүгө анын жазуу түрүндөгү макулдугу керек. Мындай сунуштама нотариалдык түрдө күбөлөндүрүлүүгө, ал эми республиканын тышкаркы жерлеринде - Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүктөрү же консулдук мекемелери тарабынан күбөлөндүрүлүүгө тийиш.

27. Кыргыз Республикасынын жаранына төмөнкүдөй учурларда Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыгууга жол берилбейт:

- мамлекет алдында аткарылбаган милдеттенмелери же Кыргыз Республикасынын аймагында юридикалык же жеке адамдардын кызыкчылыктарына байланышкан мүлктүк милдеттенмелери бар болсо;

- кылмыш-жазык иши боюнча же ага карата мыйзам күчүнө кирген иш боюнча жана соттун айыптоо өкүмүн аткарууга жаткан иши боюнча айыптуу катары Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдары тарабынан жоопко тартылган болсо.

28. Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашаган Кыргыз Республикасынын жарандары жашаган жери боюнча калкты каттоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын аймактык органдарына, ал эми Кыргыз Республикасынан сырткары жашагандар - Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнө же консулдук мекемелерине төмөнкү документтерди беришет:

- Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыгуу жөнүндө эки нускада арыз-анкетаны (2-тиркеме);

- арыз берүүчүдө башка жарандыктын бар экендиги жөнүндө чет мамлекеттин ыйгарым укуктуу органынын документин же ал Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыккан учурда ага башка жарандыкты берүү мүмкүнчүлүгүнүн ырастамасын;

- туулгандыгы тууралу күбөлүктү;

- никеге тургандыгы жөнүндө күбөлүктү, никени бузуу, жубайынын өлгөндүгү жөнүндө күбөлүктү же тийиштүү учурларда жубайын өлдү же дайынсыз жок болду деп таануу жөнүндө соттун чечимин;

- салык төлөө боюнча карызынын жоктугу жөнүндө (Кыргыз Республикасынын аймагында арыз берүүчүнүн акыркы жашаган жери боюнча) Кыргыз Республикасынын салык органынан документти;

- мамлекеттик алымды же консулдук жыйымды төлөгөндүгү жөнүндө ырастаманы же аларды төлөөдөн бошотуу жөнүндө документти;

- 4х6см өлчөмүндө ак фондо түстүү эки фотосүрөттү.

29. Эгерде арыз берүүчү бир эле учурда жашы жете элек балдарды Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыгаруу жөнүндө өтүнүч кылса, анда мыйзамда каралган жагдайларга жараша төмөнкүлөр берилет:

- туулгандыгы, камкордукту же көзөмөлдүктү белгилөө, ата-энелик укугунан ажыратуу жөнүндө күбөлүктү;

- эгерде ата-энесинин бири же көзөмөлдүк кылуучу Кыргыз Республикасынын жарандыгында калса, баланын жарандыгын токтотууга же сактап калууга тараптардын нотариалдык түрдө же Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүгүндө же консулдук мекемесинде ырасталган жазуу жүзүндөгү макулдугун;

- 14 жаштан 18 жашка чейинки курактагы баланын жарандыгын өзгөртүүгө нотариалдык түрдө же Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүгүндө же консулдук мекемесинде жазуу жүзүндөгү ырасталган макулдугун.

## 5. Кыргыз Республикасынын жарандык маселелери боюнча арыздарды кабыл алуунун жана кароонун тартиби

30. Зарыл документтери жок болгон же талаптагыдай тариздселбеген учурда ыйгарым укуктуу органдын кызматкери арыз ээсине жарандык маселелер боюнча арызды жана зарыл документтерди тариздөөнүн тартибин түшүндүрүүгө милдеттүү.

Арыз ээсинен көз каранды эмес себептерден улам көрсөтүлгөн документтердин кайсы бирин берүү мүмкүн эмес болгон учурда арызга ал себептерди кенен-кесири баяндаган түшүнүк катты тиркөө зарыл.

31. Калкты каттоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын аймактык органдары, Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүктөрү же консулдук мекемелери Кыргыз Республикасынын жарандыгы маселелери боюнча, эреже катары, арыз берүүчүнүн өзүнүн же жүйөөлүү себептер боюнча почта аркылуу жөнөтүлгөн же үчүнчү тарап аркылуу берилген бардык арыздарын кабыл алууга милдеттүү, алардын тизмеги Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан бекитилет.

32. Калкты каттоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын аймактык органдары, Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүктөрү же консулдук мекемелери берилген документтерде толук эмес же так эмес маалыматтарды аныктаган учурда аларды толук же так маалыматтарды берүү үчүн арыз ээсине кайтарышы керек.

Арыз ээсинин жасалма документтерди берүүсү же билип туруп атайылап жалган маалыматтарды билдирүүсү арызды четке кагуу үчүн негиз болуп саналат, бул жөнүндө милдеттүү түрдө аймактык улуттук коопсуздук органдарына маалымдалат.

33. Мыйзамда жана ушул Жободо каралган зарыл жана талаптагыдай тариздeлген бардык документтерди арыз ээси берген күндөн тартып арыз

кароого кабыл алынды деп эсептелет.

34. Калкты каттоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын аймактык органдары, Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүктөрү же консулдук мекемелери арыз келип түшкөндө аны катташат жана арыз ээсине ушул Жобого ылайык тиркелген арызды жана документтерди кароого кабыл алынгандыгы жөнүндө маалымкатты кабыл алуу күнүн көрсөтүү менен беришет (3-тиркеме). Арыз үчүнчү тарап аркылуу же почта боюнча алынган учурда, тийиштүү түрдө арыз ээсине маалымкат бул адамдар аркылуу берилет же арыз алынган күнү почта боюнча жөнөтүлөт.

35. Арыз ээсинен жарандык маселелери боюнча анын арызын кабыл алуудан баш тартуу себебин жазуу жүзүндө түшүндүрүү өтүнүчү келип түшкөн учурда ыйгарым укуктуу орган бул өтүнүчтү канааттандырууга милдеттүү.

36. Калкты каттоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын аймактык органы тиркелген документтер менен арызды алдын-ала текшерет, аларды күбөлөндүрөт, маалыматтарды Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын маалыматтык системасында текшерет жана калкты каттоо жагында Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органына жөнөтөт.

Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүгү же консулдук мекемеси тиркелген документтер менен арызды күбөлөндүрөт жана аны тышкы саясий иштер чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын консулдук маселелер менен иш жүргүзгөн түзүмдүк бөлүмүнө жөнөтөт, ал маалыматтарды Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын маалыматтык системасында текшерет.

Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын маалыматтык системасында маалыматтарды текшерүү он күндөн ашпоого тийиш.

37. Калкты каттоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын жарандык маселелер менен иш жүргүзгөн түзүмдүк бөлүмү, тышкы саясий иштер чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын консулдук маселелер менен иш жүргүзгөн түзүмдүк бөлүмү берилген материалдарды текшерип, улуттук коопсуздук органдары менен макулдашат, ал боюнча өзүнүн жүйөөлүү жана негиздүү корутундусун чыгарат.

Жарандык маселелери боюнча арыздарды улуттук коопсуздук органдарында макулдашуу мөөнөтү жалпы тартип боюнча 30 күндөн жана жөнөкөйлөтүлгөн тартип боюнча 15 күндөн ашпоого тийиш.

38. Корутундуда арыз ээси жөнүндө текшерилген маалыматтар кенен-кесири баяндалат, алар боюнча Кыргыз Республикасынын жарандык маселелери боюнча арызды канааттандыруунун же четке кагуунун максатка ылайыктуулугун таанууга жаткан жүйөөлөр көрсөтүлөт.

39. Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыгып кетүү жөнүндө арыз боюнча корутундуда арыз берүүчүнүн мамлекет алдындагы милдеттенмелерин же жарандардын же ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын, коомдук бирикмелердин маанилүү кызыкчылыктары

байланышкан анын мүлктүк милдеттенмелерин аткарбагандыгы; анын күнөөкөр катары кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылгандыгы, же соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмү боюнча жазаны өткөрүп жаткандыгы же ал адамдын жарандуулуктан чыгарылышы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик коопсуздугунун кызыкчылыгына карама-каршы келе тургандыгы жөнүндө маалыматтар билдирилет.

40. Калкты каттоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын жарандык маселелер менен иш жүргүзгөн түзүмдүк бөлүмү даярдаган корутундуга аталган түзүмдүк бөлүмдүн кызматкери кол койот жана жетекчиси же анын орун басары тарабынан бекитилет.

Тышкы саясый иштер чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын консулдук маселелери менен иш жүргүзгөн түзүмдүк бөлүмү даярдаган корутундуга аталган түзүмдүк бөлүмдүн кызматкери кол койот жана жетекчиси же орун басары тарабынан бекитилет.

41. Калкты каттоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы, тышкы саясый иштер чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы улуттук коопсуздук органдары менен макулдашылган жарандык маселелери боюнча арыздарга жана башка зарыл материалдарга өздөрүнүн корутундуларын Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жарандык маселелери боюнча Комиссияга (мындан ары – Комиссия) жөнөтөт.

42. Жарандуулук маселеси боюнча сунуштаманы караган учурда Комиссия арыз берүүчүнүн негиздемелерин, мамлекеттик органдардын корутундуларын жана Мыйзамдын 33-беренесинде көрсөтүлгөн тиркелүүчү документтерди ар тараптан иликтеп чыгат.

Комиссия Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу, Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыгуу жөнүндө өтүнгөн арыз берүүчүлөрдү Комиссиянын жыйналышына чакырууга укуктуу.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана ушул Жобонун талаптарына ылайык келбеген материалдарды Комиссияга киргизген учурда Комиссия материалдарды ыйгарым укуктуу органдарга кайтарууга укуктуу.

43. Комиссия тарабынан чечим кабыл алынган учурдан тартып он төрт күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппараты Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу же жарандыгынан чыгаруу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгынын долбоорун даярдоону жүзөгө ашырат.

44. Кыргыз Республикасынын жарандыгын берүүдөн же жарандыгынан чыгуудан баш тартылган учурда, Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппараты үч күндүн ичинде баш тартуунун негиздерин көрсөтүү менен арыз ээсин жазуу жүзүндө кабарландырууга милдеттүү.

45. Кыргыз Республикасынын жарандыгы маселелери боюнча арыздарды кароо жана алар боюнча чечимдерди кабыл алуу алты айга чейинки мөөнөттө сунуштамага тийиштүү түрдө жолжоболоштурулган

документтер тиркелип берилген күндөн баштап жалпы тартипте каралат.

46. Калкты каттоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары жана дипломатиялык өкүлчүлүктөр же консулдук мекемелер тарабынан жарандуулук боюнча арыздарды кароонун жалпы мөөнөтү жалпы тартипте 90 күндөн жана жөнөкөйлөштүрүлгөн тартипте 30 күндөн ашпоого тийиш.

47. Кыргыз Республикасынын жарандыгын алуу же жарандыгынан чыгуу жөнүндө өтүнүч менен кайрылган адамдардын арыздарын жөнөкөйлөштүрүлгөн тартипте кароо жана алар боюнча чечим кабыл алуу Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан тийиштүү документтер жолжоболоштурулуп тиркелген сунуштама берилген күндөн баштап үч айлык мөөнөткө чейин каралат.

48. Жарандык маселеси боюнча кайталап берилген арыз бул маселе боюнча мурдагы чечим кабыл алынган учурдан баштап бир жыл өткөндөн кийин каралат. Эгерде арыз берүүчүгө белгисиз жана белгисиз болууга тийиш болгон өтө маанилүү жагдайлар жаралган учурда кайталап арыз берүү эртерээк каралышы мүмкүн.

49. Ыйгарым укуктуу органдар арыз ээсине анын документтеринин кайда экендиги жана кароо мөөнөттөрү жөнүндө маалыматты берүүгө милдеттүү.

## 6. Адамдардын Кыргыз Республикасынын жарандыгына таандыктыгын аныктоо тартиби

50. Калкты каттоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органында жана анын аймактык органдарында Кыргыз Республикасынын жарандыгына таандыктыгын аныктоо боюнча комиссиялары (мындан ары – жарандыкты аныктоо боюнча комиссия) түзүлөт.

51. Жарандыкты аныктоо боюнча комиссия Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашаган адамдардын Кыргыз Республикасынын жарандыгына алардын таандыктыгын же таандык эместигин аныктоо, же жарандыгы жок адам деп таануу жөнүндө арыздарын кароого жана алар боюнча төмөнкүлөргө карата корутунду чыгарууга укуктуу:

- СССРдин жарандыгында турган, 1974-жылдагы үлгүдөгү паспорту бар жана Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу (же убактылуу) каттоодо турган жана башка мамлекеттин жарандыгына таандыктыгы жөнүндө билдирүү жасабаган адамдар;

- ар кандай себептерден улам 1974-жылдагы үлгүдөгү СССРдин паспортун жоготкон, Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу (же убактылуу) каттоодо турган адамдар. Бул категорияга паспортун жоготкондугу жөнүндө иш ачылат жана адамдын инсандыгы жана жарандыгы аныкталгандан кийин корутунду чыгарылат;

- жагдайдын аякташы менен өз убагында паспорт ала албай калган

(1993-жылдын 18-декабрындагы №1333-XII “Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын колдонулушуна туш келбей калган, же ата-энелери жок жана туугандарында же тааныштарында тарбияланган), бирок алар да иш жүзүндө Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашаган адамдар;

- Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашаган, Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигине катышкан-мамлекеттердин (мындан ары – КМШга катышкан-мамлекеттер) жарандыгына таандыктыгы жөнүндө белгиси менен 1974-жылдагы үлгүдөгү СССРдин паспорту бар, ушул мезгилге чейин ошол өлкөнүн улуттук паспорту менен документтештирилбеген адамдар. Бул категориядагылар Кыргыз Республикасынын аймагында дипломатиялык өкүлчүлүк же консулдук мекеме жок болгон учурда ким экендигин ырастаган колдонуудагы документтин жоктугунун себеби жөнүндө түшүнүк катты жана айрым учурларда чет мамлекеттин жарандыгын жоготкондугу же жоктугу жөнүндө маалымкат сунуш кылат;

- Кыргыз Республикасынын аймагында беш жана андан ашык жыл туруктуу жашаган жана КМШга катышкан-мамлекеттердин жаранынын ким экендигин ырастаган колдонуу мөөнөтү аяктаган паспорту бар, жана аларга байланышпаган себептерден улам аны узартуу же анык паспортко алмаштыруу мүмкүнчүлүгү болбогон адамдар – тийиштүү документти сунуш кылуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган себептерди көрсөтүү менен арыз берет.

Көрсөтүлгөн жана башка учурларда конфликт комиссиясына кайрылууда ушул Жобонун 53-пунктуна ылайык документтердин түп нускалары жана көчүрмөлөрү тапшырылат.

52. Жарандыкты аныктоо боюнча комиссия Кыргыз Республикасынын жарандыгына таандыктыгын аныктоо жөнүндө арызды кайталап кароого же адамды калкты каттоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын аймактык органы корутунду чыгарган Кыргыз Республикасынын аймагында жарандыгы жок деп таануу жөнүндө корутунду чыгарууга, жана кабыл алынган чечим туура эмес болгон учурда, өз корутундусу менен аны жокко чыгарууга укуктуу.

53. Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашаган, өзүнүн Кыргыз Республикасынын жарандыгына таандык экендигин аныктоону каалаган адам Кыргыз Республикасынын жарандыгына таандыктыгын аныктоо жөнүндө арыз менен калкты каттоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын аймактык органына кайрылууга тийиш.

Арызга төмөнкүлөрдү тиркөө зарыл:

- арыз ээсинин ким экендигин тастыктаган документтин (паспорт же туулгандыгы жөнүндө күбөлүк) түп нускасын жана ксерокөчүрмөсүн;

- кеңири өмүр баянын;

- 4х6см өлчөмүндө ак фондо эки фотосүрөттү;

- Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу, үзгүлтүксүз жашагандыгын ырастаган төмөнкү документтердин бирин (каттоо жөнүндө белгиси менен паспорт, жашап турууга уруксат, жашаган жеринен маалымкат, окуган, иштеген жеринен маалымкат, (кварталдык, үй комитетинин же айыл башчысынын) милициянын участкалык инспектору жана арыз ээсинин үч коңшусунун катышуусу менен Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашоо фактысын белгилеген актысы;

- үй-бүлөлүк мамилелердин бар экендигин ырастаган документ (нике жөнүндө күбөлүк, туулгандыгы жөнүндө күбөлүк).

54. Кыргыз Республикасынын жарандыгына өз таандыктыгын аныктоону каалаган адам Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын маалыматтык системасы боюнча текшерилет.

Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын маалыматтык системасы боюнча текшерүүнүн мөөнөтү он күндөн ашпоого тийиш.

55. Калкты каттоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын аймактык органы текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын жарандыгына таандыктыгы же таандык эместиги жөнүндө (7-тиркеме) же адамды жарандыгы жок деп таануу жөнүндө (8-тиркеме) корутунду чыгарат, анда арыз ээси жөнүндө негизги маалыматтар жана юридикалык негиздер көрсөтүлүүгө тийиш, аларга ылайык адам Кыргыз Республикасынын жараны же жарандыгы жок адам деп таанылат же таанылбайт. Эгерде арыз ээсинин балдары бар болсо, анда корутундуда алардын жарандыгы же жарандыгынын жоктугу да аныкталууга тийиш.

Корутунду калкты каттоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын аймактык органынын жетекчиси тарабынан бекитилет.

56. Калкты каттоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын аймактык органынын арыздарды кароо мөөнөтү бир айдан ашпоого тийиш.

57. Калкты каттоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын аймактык органы арыз ээсине анын Кыргыз Республикасынын жарандыгына таандыктыгын текшерүүнүн жыйынтыгы жөнүндө белгиленген үлгүдөгү (8-тиркеме) же арыз ээсин жарандыгы жок адам деп таануу жөнүндө (9-тиркеме) маалымкат берет, ага жарандыгы жок адамдардын туруктуу жашап турууга уруксатты документтештирүүнүн тартиби түшүндүрүлөт.

58. Кыргыз Республикасынан сырткары туруктуу жашаган, өзүнүн Кыргыз Республикасынын жарандыгына таандыктыгын аныктоону каалаган адам Кыргыз Республикасынын жарандыгына таандыктыгын аныктоо жөнүндө арыз менен Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүгүнө же консулдук мекемесине кайрылууга тийиш.

Арызга төмөнкүлөрдү тиркөө зарыл:

- арыз ээсинин ким экендигин ырастаган документтин (паспорт же туулгандыгы жөнүндө күбөлүк) түп нускасын жана ксерокөчүрмөсүн;

- кеңири өмүр баянын;

- 4х6см өлчөмүндө ак фондо эки фотосүрөттү;

- чет мамлекеттин аймагында туруктуу жашагандыгын ырастаган документти.

Материалдардын көчүрмөлөрү тышкы саясий иштер чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын консулдук маселелер менен иш жүргүзгөн түзүмдүк бөлүмүнө жөнөтүлөт, ал Кыргыз Республикасынын тийиштүү мамлекеттик органдарынын, анын ичинде ички иштер жагында Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын маалыматтык системасы боюнча текшерүү жүргүзүү максатында зарыл маалыматты суратат.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынан түшкөн Кыргыз Республикасынын жарандыгына таандыктыгына тиешелүү маалымат Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүгүнө же консулдук мекемесине жиберилет.

Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүгү же консулдук мекемеси Кыргыз Республикасынын жарандыгына таандык же таандык эместиги жөнүндө корутунду чыгарат, анда арыз ээси жөнүндө негизги маалыматтар жана юридикалык негиздер көрсөтүлүүгө тийиш, аларга ылайык адам Кыргыз Республикасынын жараны деп таанылат же таанылбайт. Эгерде арыз ээсинин балдары бар болсо, анда корутундуда алардын Кыргыз Республикасынын жарандыгына таандыктыгы же таандык эместиги да аныкталууга тийиш. Корутунду Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүгүнүн же консулдук мекемесинин жетекчиси тарабынан бекитилет.

Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүгү же консулдук мекемеси кабыл алынган чечим жөнүндө арыз ээсине маалымдайт, ага белгиленген үлгүдөгү маалымкат берилет.

## 7. Балдарда Кыргыз Республикасынын жарандыгы бар же жок экендигин аныктоонун өзгөчөлүктөрү

59. Балада Кыргыз Республикасынын жарандыгынын бар экендиги ырасталбаган учурда, ушул Жобонун 31-пунктунда көрсөтүлгөн зарыл маалыматтар анын ата-энесине карата аныкталат.

60. Кыргыз Республикасынын жарандыгын ата-энеси (экөөнүн бири) кабыл алып, арызда балдары жарандыкка кабыл алынгандыгы көрсөтүлбөгөн учурда (16 жашка чейинки бала) Кыргыз Республикасынын жарандыгы бар экендиги жөнүндө корутундуда мындай балага карата анын ата-энесинин (экөөнүн биринин) жарандыкка кабыл алынгандыгы жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгына шилтеме көрсөтүлөт.

61. Ата-энесинин экөө тең (экөөнүн бири) Кыргыз Республикасынын

жарандары болуп саналса, бирок Кыргыз Республикасынын сырткары чыгып кетишсе жана башка мамлекеттин жарандыгын кабыл алышса, бирок балдары Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашаган болсо жана жашап жатышса, Кыргыз Республикасынын жарандыгы бар экендиги жөнүндө корутундуда Мыйзамдын 12-беренесинин 1-бөлүгү көрсөтүлөт.

62. Ата-энеси аныкталбаган же алардын өлгөндүгү тууралуу документтер жок болсо, ал эми балдар Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашашса, Кыргыз Республикасынын жарандыгы бар экендиги жөнүндө корутундуда Мыйзамдын 12-беренесинин 5-бөлүгү көрсөтүлөт.

63. Корутунду калкты каттоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын аймактык бөлүмүнүн жетекчиси тарабынан бекитилет.

64. Балада Кыргыз Республикасынын жарандыгы бар экендиги жөнүндө корутунду чыгарылгандан кийин документтер тариздeлет. 16 жашка чейинки балага Кыргыз Республикасынын жарандыгына таандыктыгы жөнүндө маалымкат берилет. 16 жашка чыккан балага Кыргыз Республикасынын жаранынын паспорту берилет.

## 8. Кыргыз Республикасынын Президентинин чечимдерин аткаруунун тартиби

65. Кыргыз Республикасынын Президенти Кыргыз Республикасынын жарандыгы маселелери боюнча жарлык чыгарат.

66. Жарандыктын өзгөргөндүгү Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы күчүнө кирген учурдан башталат.

67. Жарандыкты берүү же андан чыгуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы ага кол коюлган учурдан тартып үч күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Президентинин расмий сайтына жарыялanууга тийиш.

68. Кыргыз Республикасынын жарандык маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында турган өтүнүүчүлөргө карата Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгын аткаруу калкты каттоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органына жана анын аймактык бөлүмдөрүнө, ал эми республикадан сырткары жашаган адамдарга тиешелүү маселелер боюнча тышкы саясий иштер чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу органына, Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнө жана консулдук мекемелерине жүктөлөт.

69. Калкты каттоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы жарандык маселелери менен иш жүргүзгөн түзүмдүк бөлүмү, тышкы саясый иштер чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын консулдук маселелер менен иш жүргүзгөн түзүмдүк бөлүмү Кыргыз Республикасынын жарандыгынын маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарын алгандан кийин аларды

андан ары аткаруу үчүн арыз ээлери өтүнүчтөрүн берген органдарга жөнөтөт.

70. Калкты каттоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын аймактык органдары, Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүктөрү жана консулдук мекемелери Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарын алгандан кийин эки жумалык мөөнөттө бул тууралы арыз ээсине маалымдайт.

71. Эгерде жарандыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин чечими бар адам жашаган жерин өзгөртсө калкты каттоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын аймактык органдары, Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүктөрү жана консулдук мекемелери кабыл алынган чечим жөнүндө калкты каттоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын аймактык органдарына, Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүктөрү менен консулдук мекемелерине арыз ээсинин жаңы жашаган жери боюнча токтоосуз билдирүү жөнөтөт жана калкты каттоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органына же тышкы саясий иштер чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органына маалымдайт.

72. Кыргыз Республикасынын жарандыгын белгиленген тартипте алган адамдарга калкты каттоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын аймактык органдары, Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүктөрү менен консулдук мекемелери Кыргыз Республикасынын жаранынын паспортун берет. 16 жашка чыга элек балдардын туулгандыгы тууралу күбөлүктөрүнө алардын Кыргыз Республикасынын жарандыгына таандыктыгы тууралы жазуу жазылат.

73. Кыргыз Республикасынын жарандыгын алган, Кыргыз Республикасы менен чектеш мамлекеттердин (Казакстан Республикасы, Тажикстан Республикасы, Өзбекстан Республикасы жана Кытай Эл Республикасы) жарандыгы бар адамдардын паспорттору жарандыктан чыгуу жөнүндө арызы менен чогуу тийиштүү мамлекеттин дипломатиялык өкүлчүлүгүнө же консулдук мекемесине жөнөтүлөт.

74. Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыгаруу жөнүндө чечим чыгарылганда калкты каттоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын аймактык бөлүмдөрү же Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүктөрү же консулдук мекемелери адамдан Кыргыз Республикасынын жаранынын паспортун алып коёт. Ошол эле органдар адамга Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыгуу жөнүндө маалымкат берет (10-тиркеме).

Алынган паспорттор белгиленген тартипте жок кылынат.

75. Кыргыз Республикасында жашаган жана Кыргыз Республикасынын жараны болуп саналбаган адамдарга калкты каттоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик

органы тарабынан чет өлкөлүк жаранга же жарандыгы жок адамга жашоого уруксат берилет.

76. Кыргыз Республикасынын жарандыгынын маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин чечимдерин аткаруу жөнүндө калкты каттоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын аймактык органдары квартал сайын калкты каттоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органына маалымдайт, ал эми Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүктөрү жана консулдук мекемелери – тышкы саясий иштер чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органына маалымдайт.

77. Кыргыз Республикасынын жарандыгынын маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин чечимдерин аткаруу жөнүндө маалымат калкты каттоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы жана тышкы саясий иштер чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан Комиссияга квартал сайын жөнөтүлөт.

78. Кыргыз Республикасынын жарандык маселелери боюнча чечимдердин аткарылышына контролдукту Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу жарандык маселелери боюнча Комиссия жүзөгө ашырат.

79. Жарандык маселелери боюнча материалдар жана алар боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктары өзүнчө номенклатуралык ишке тиркелип жана чечим кабыл алынган күндөн тартып ыйгарым укуктуу орган бекиткен сактоо мөөнөтүнө чейин тийиштүү ыйгарым укуктуу органдарда сакталат, андан соң белгиленген тартипте архивге өткөрүлүүгө жатат.

## 9. Кыргыз Республикасынын жарандыгынын маселелери боюнча чечимдерди жокко чыгаруу

